КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXI сессиясы**

**Токтом № 88**

**Сүлүктү шаары** **26.12. 2022-жыл**

## Сүлүктү шаарынын аймагында мүлк салыгын киргизүү боюнча

Мамлекеттик салык кызматынын Сүлүктү шаары боюнча башкармалыгынын 30.11. 2022ж. № 033/22/06/1861 чыгыш сандуу Сүлүктү шаары боюнча мүлк салыгын киргизүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкулап Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө 18.10.2022-ж. №4 токтомунун 3-беренесинин 2-пунктуна ылайык шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын аймагында 2023-жылдын 1- январынан баштап мүлк салыгы киргизилсин.

2. Мамлекеттик салык кызматынын Сүлүктү шаары боюнча башкармалыгы мыйзамда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык иш алып баруу жагын камсыз кылсын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардык мэрияга, көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р. М. Жайнаков